## I бөлүм. Программанын максаттары жана милдеттери

Программа төмөнкү социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган:

- мектепке чейинки программаларга тартылбаган 6 жаштагы балдарды мектепте окууга сапаттуу даярдоо жана алар үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү;
- өзгөчө муктаждыктары бар балдарды билим берүү процессине тартуу.

Бул программанын алкагында балдарды мектепке даярдоо төрт багыт боюнча жүргүзүлөт:

- социалдык ыңгайлашуу;
- жалпы өсүү (эс-тутумдун, көңүлдүн, интеллекттин өсүүсү);
- окууга болгон кызыгууну жараткан мотивдерди калыптандыруу;
- балдардын ден соолугун коргоо жана бекемдөө, алардын дене жана психикалык жактан өсүүсү үчүн болушунча шарттарды түзүү.

Программа, биринчиден: 6 жаштагы балада пикирлешүү, теңтуштары, чоң адамдар жана айлана чөйрө менен өз ара мамиле жасоо көндүмдөрүн калыптандырууга өзгөчө маани берет, булар мектепке барууда базис болуп саналат.

Экинчиден, программа педагогикалык максатты чечүүгө багытталган – баланын инсанын ар тараптуу өнүктүрүү жана алардын билимдерди өздөштүрүүгө жана системалуу окууга болгон даярдыгын калыптандыруу; окуу ишмердигине зээ кылуу; сабат ачуунун жана математиканын башталышына окутуу; курчап турган дүйнөнү табигый-илимий таанып билүү ыкмасынын (тажрыйба, эксперимент, изилдөө ж.б.) элементтерин өздөштүрүүгө үйрөтүү.

Балдарды мектепке даярдоо бир жылдык программасы Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» (2003), «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» (2009) мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясынын (2012–2020-ж.) негизинде «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» (2012) Мамлекеттик стандартына ылайык жана башталгыч класстардын стандартына дал келген негизги предметтер аныкталган: «математика», «сабат ачуу», «көркөм өнөр», «дене өстүрүү», «кеп өстүрүү» жана «айлана чөйрө менен тааныштыруу».

Программа олуттуу деңгээлде баланы мектепте окууга даярдоого багытталган, ал жаңы шарттарга социалдык ыңгайлашуунун, таанып-билүү процесстеринин, буюмдарды жана айлана чөйрөнүн кубулуштарын жалпылоонун өсүү деңгээлинен көрүнөт.

Мектепте окууга даярдык баланын дене мүмкүнчүлүктөрү, окуу тапшырмаларынын маанисин түшүнүү, иш-аракеттерди аткаруу ыкмаларын аңдап сезүү, өзүн өзү көзөмөлдөө